УДК 821.512.154:801.81

# ПРОБЛЕМЫ ФОЛЬКЛОРА В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ КАСЫМААЛЫ ЖАНТОШЕВА

*А.К. Каныбекова*

Рассматриваются проблемы использования фольклора и огромного внимания к устному народному творчеству в произведениях выдающегося кыргызского писателя Касымаалы Жантошева.

*Ключевые слова:* эпос; мотивация; фантазия; фольклор; традиция; взаимосвязь; этническая культура.

# FOLKLORE QUESTIONS IN THE WORKS OF KASYMAALY DZANTOSHEV

*A.K. Kanybekova*

This article is devoted to the questions of using folklore, the great attention to folklore in works of the famous Kyrgyz writer Kasymaaly Dzantoshev.

*Keywords:* epos; motivation; fantasy; folklore; tradition; interdependence; ethnic culture.

К. Жантөшев чыгармачылыкка киришкенден тартып фольклордук чыгармаларга кайрылып турган, бирде фольклордук жомоктук мотивди колдонсо, бирде фольклордук чыгармалардын каармандарындай образдарды түзсө, бирде элдик оозеки чыгармачылыктан сюжет алып чыгарма жараткан. Мына ушундай чыгармасынын бири "Курманбек" драмасы. "Курманбек" драмасы элдик мотивдин негизинде жаралган көркөм окуя болуу менен бирге жазуучунун эң мыкты чыгармаларынын бири болууга жетишкен.

К. Жантөшев бул драманы эпостун (эпостун үч варианты бар) кайсы варианттан алып жазганы белгисиз, бирок 1938-жылы Ж. Турусбековдун редакциясы менен жарыяланган Калык Акиевдин вариантын окуп, же Акиевден өзү угуп, ошондой эле эл арасынан уккандарынын негизинде жазган болушу мүмкүн.

Бул драма Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда 1942-жылы жазылып, 1943-жылдан тартып театрларда коюла баштаган. Дал ушул учурда элдик поэмага кайрылуунун өзүнүн мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Себеби согуш мезгилинде элдик эпостун сюжетине кайрылуунун максаты – бул элдик мурастын негизинде жаткан баскынчылыкка жана ички чыккынчылыкка каршы күрөшүү идеясын даңазалоо аркылуу, элдин духун көтөрүп, патриоттуулукка, мекенин коргоого чакырык таштоо болгон. Бул улуу идея согуш мезгилдеги кырдаалга бардык жагынан шайкеш келген жана ал мезгилдин эң актуалдуу, өтө курч маселеси эле.

"Курманбек" драмасы кыргыз элинин эки кылымга жакын жунгар калмактары менен өз эркиндиги үчүн жүргүзгөн күрөшүнүн, акырында жеңип чыгып, көз каранды эместигин сактап калуусун чагылдырган.

Дал ушундай окуяга кайрылуу жазуучунун негизги чыгармачылык милдети болуу менен бирге көчмөндүү калктын эстетикалык табитинде жаралган көркөм образды жаңыдан калыптанып келаткан реалисттик адабияттын салттарына трансплантациялоо, тактап айтканда "көчүрүп келүү" эле. Автор бул "көчүрүп келүүнү" жөн гана механикалык түрдө ишке ашырган эмес, аны чыгармачылык менен жуурулуштуруп, кайрадан иштеп чыккан.

Драманы жазууда жогоруда белгилегендей окуялардын түпкү негизи сакталган, бирок жазуучунун табылгасына жана максатына жараша кошумча сюжеттер киргизилген. Мисалы, чыгарманын башында "пролог" киргизилген.

I акты боюнча окуя Тейитбек менен Корундун "достук" мамилелери кантип башталгандыгы, Корундун Айганышка үйлөнүү далалаты, өзүнүн кызы Шаазынды Курманбекке алып берип, Тейитбек менен куда болуу ниети берилип, муну уккан Айганыштын үйүнөн качып чыгышы сүрөттөлөт.

II актыда Айганыш курбу кыздары менен Курманбекти издеп чыгат. Мына ушул жерден К. Жантөшевдин элдик эпостун окуясын реалисттик адабияттын мыйзамына ылайыктап түзүүгө болгон аракети байкалат.

Автор ошондой эле, драманын борборуна сюжеттин чиеленишкен жерине Телтору аттын бир аз өзгөртүлгөн образын алып чыгат. Телтору драмада деле эпостогудай жүк аткарат, бирок бир кыйла өнүктүрүлгөн, реалисттик адабий салттарга жакындаштырылган, драмалык жанрга ылайыкташкан деңгээлде иштелип чыккан. Реалисттик адабияттын эстетикалык табияты боюнча психологиялык жана драмалык чыңалуу улам өркүндөп, улам күчөп отуруу керек. Мындай психологиялык, драмалык чыңалуу Телторуну сурап келгендеги окуялар менен тереңдеген. Адегенде Телторуну Чагыр сурап келет, анын артынан Айганыш жан-жөөкөр кыздары менен келет. Айганыштын келиши сюжетти ого бетер чыңалткан, анткени Телторусуз Курманбектин согушка аттанышы өлүмгө тете эле, муну Айганыш жакшы сезген, ошондуктан Телторуну Курманбекке сурап берүүгө болгон күчүн үрөйт. Мына ушул мотив окуяны курчутуп, драмалык апогейге жеткирген.

“Курманбек” драмасында Телтору жөнүндөгү сюжет бир кыйла өнүктүрүлгөн, далилдөөсү реалисттик адабий салттарга жакындаштырылып, драмалык жанрдын табиятына ылайык чечилген. Адегенде Телторуну сурап, кырк жигит эмес, Чагыр атуу Курманбектин жигити келет. Тейитбектин Телторуну сурап келген Чагырга берген жообу өзүнүн маани-маңызы боюнча эпостук мотивди эле кайталайт. Бирок аяк жагында “Курманбек менин душмандарымды жоготсун”, – деп катуу талап коет:

Кайын атасын өлтүрүп берсин,
Анан берем атымды.
Айганышты бүгүн жоготсун,
Мен алып берем бөлөк катынды [1, 601-б.]

Бирок К. Жантөшев муну менен эле чектелбейт. Реалисттик адабияттын эстетикалык салты боюнча психологиялык жана драмалык чыңалуу улам өркүндөп, улам күчөп жүрүп отуруу керек. Мына ошондуктан Телтору атты сурап акыры жан-жөкөр кыздарын ээрчитип Айганыш келет. Албетте, Айганыш келбей коймок эмес, анткени Телторусуз Курманбекти согушка жибериш бул өлүмгө жиберүү экенин жакшы билет. Айганыштын ат сурап келиши окуяны ого бетер курчутуп, драмалык апогейге жеткирген.

Экспозициясындагы бул Айганыш менен Тейитбектин кезигишүүсү жана Тейитбектин баласына тескери бата бериши, бир гана баласына гана эмес бүтүндөй кыргыз элине душмандыгын ачып көрсөткөн. Элдин башына, Курманбектин башына каран түн түшүп турганда Телторуну берип, колдомок турсун, тескери бата бериши бул душмандыктын жеткен чеги. К. Жантөшевдин табылгасы дал ушул жерден дагы бир жолу көрүнгөн. Анткени элдик эпостогу тескери батаны кошумчалап иштеп чыккан, мисалы, “Курманбек” эпосунда К. Акиевдин варианты):

Көкүрөгүн жаралап,
Көмөлөтсүн калмактар.
Көк жалынды камалап,
Көөдөнүнөн кара кан,
Көп куюлсун салаалап.
Көп калмактар каныңды
Көк бөрү тартсын талаалап.
Жүрөгүн найза аралап,
Жүлүнүн кошо жаралап,
Жүрөгүнөн кара кан
Көбүктөсүн салаалап!
Алтын ооз шаарыңды,
Талкаласын камалап.
Улууму калмак ханыңды

Улактай тартсын талаалап [2, 64-б.] – деп айтылат. Жазуучуну муну дагы тереңдеткен, мисалы, Тейитбектин тескери бата бергендеги , заарын чачкан каарын, катаалдыгын ого бетер күчөткөн:

Тилим жылаан болуп,
Курманбек экөөңдү чаксын!
Камап келген кан Корун
Силердин эсебиңерди тапсын!
Сенин чачыңды кыркып
Жерге тикенден каксын!
Корундун болот найзасы
Курманбектин жүрөгүн тешсин жаралап!
Булактай кочкул кара кан
Агып турсун салаалап!..
Алтын эшик ордоңду
Кыйратып кетсин камалап,
Кырк жигитти кан Корун
Улак тартсын талаалап!..
Мага эмес, мага эмес…
Силер үчүн кесир болсун
Кыргыздын кызы күң,
Катыны жесир болсун! [1, 606-б.]

Эки тексттен көрүнүп тургандай, маани-мазмуну боюнча бипбирдей, ал гана эмес “каралап”, “жазалап”, “талаалап” ж.б. уйкаштыктар сакталган. Бирок драманын ыр саптары шөкөттөлүп жазма адабияттын ыр куроо салтына жакындаштырылган.

Айганышка карата айтылган бул сөздөр жөн гана бир кишиге айтылган каргыш эмес, бүтүндөй кыргыз элине каршы каргыш, бүтүндөй кыргыз элине болгон душмандык. Жыйынтыктап айткан-

да, Телтору жөнүндөгү мотив ата менен баланын ортосундагы эле конфликт эмес, чыккынчылык, кылмышкерлик менен элдин ортосундагы жалпы адамзаттык философиянын деңгээлине көтөрүлүп чыккан көрүнүш.

Ал эми эпостогу негизги окуялардын бири Курманбектин Айганышка үйлөнүшү болгон. М. Мусулманкуловдун вариантында Айганыш Каухарникин шаарындагы перинин кызы, аккуу кийимин кийип, учуп жүргөндө Курманбекти көрүп сүйүп калат, Курманбек да сууга түшүп жаткан перинин кызын көрүп сүйүп калат да, экөөнүн тою тез эле болот.

К. Акиевдин варианты боюнча Айганыштын аты Канышай ал Оогандык Бакбурхандын кызы болот, кызын Курманбекке бериш үчүн өзү менен Эр сайышты өткөрүү шартын коет. Эр сайыш – Курманбекти сыноо, баатырдыгын, эрдигин сыноо. Жекеме-жеке беттешүүдө жеңилип калган Бакбурхан кызы Канышайды Курманбекке берет.

Ал эми "Курманбек" драмасында Курманбектин Айганышка үйлөнүүсү кеңири сюжеттик өнүгүшкө өсүп чыккан. Жуучу жиберип жаткан Корундан кутулуш үчүн Айганыш курбулары менен Курманбекти өзү издеп чыгат, ошондо курбусу Гүлай Корундун колуна түшүп калат, өзүн Айганыш деп тааныштыргандан кийин жарадар болот. Корундар качып кеткенден кийин Курманбек Аккан досу менен аң уулап жүргөн жеринен келип калат да, Корундар кылган ишке жоопкер болуп калат.

Анын үстүнө жаңыдан эле кирип келген Айганышка окуяны алыстан көргөн Гүлгаакы төмөнкүдөй сүрөттөп берет:

Иш мындай:
Калпы жок кымындай?
Мен тетиги аскага бардым
Эки жакка көзүмдү салдым
Аңгыча болбой, мына бул мырзаларды көрүп калдым.
Көп кечикпей Гүлайга келишти,
Таазим кылып салам беришти.
Бир кезде бул мырзалар,
Жекеге чакыргандай ишарат кылды.
Бирөө Гүлайга кезек берип,
Тиги жерге жыкты,
Экинчиси шартты бузуп
Гүлайды уруп-жыкты [1, 583-б.]

Чындыгында "Курманбек" эпосунун бир да вариантында Гүлай, Гүлгаакы деген каармандар жок. Булардын образын жазуучунун жеке табылгасы, катары белгилөө керек. Бирок бул каармандар эпостун маани-маңызын кемитпейт, тескерисинче каармандардын ортосундага өз ара байланыштарды жана кагылыштарды ого бетер чыңдап, күчөтөт. Бири-бирин издеп чыккан Курманбек менен Айганыш дал ушундай чаташкан кырдаалда кездешишет, өз көзү менен көргөн Гүлгаакы Гүлайдын "өлүмүн" бүт бойдон Курманбектердин мойнуна коюп коет. Корундар качып кеткенин эч ким билбейт. Гүлай тирүү болгондо баары ачылмак, бирок ал чындыкты айтып бере албайт.

К. Жантөшевдин чеберчилиги ушул жерден айрыкча көрүнгөн, реалисттик адабияттын салты менен психологиялык чыңалышты ого бетер күчөтөт. Баатыр өлбөш керек, ошондуктан достуктун достугу кыйын күнгө туш болот. Аккан Курманбекти сактап калуу үчүн көкүрөгүн окко тосот. Дал ушул жерден Чагыр:

Токто, таш боор кыз,
Түн түшүрбө кыргызга?
өч аларың биз болсок.

Менин жаным татыбайбы бир кызга – деп чындык үчүн Курманбек, Аккандай достору үчүн "жок күнөөнү" мойнуна алып, жанын берүүгө даяр болот. Чагыр, Корундар жасаган кылмышты мойнуна алат. Мына ушул эпизодду кошуу менен К.Жантөшев достукту көрсөткүсү келген жана аны бере алган. Жазуучу эпостук сүйүү мотивин драмалык сюжетке айландырууда байыркы мотивдин түпкү негизин таза сактап гана чектелбестен, азыркы драмалык жанрдын эстетикалык принциптеринин негизинде өөрчүтүп-өнүктүргөн. Жыйынтыгында байыркы өлбөсөчпөс идея, азыркы турмуштун фонунда жаңы маани-мазмунга ээ болуп, жаңы сюжеттик сапатка өтөт. Бул элдик эпостун реалисттик адабиятка айланышы, өзгөртүүсү.

Дал ушул жерден адабиятчы К. Иманалиевдин: "Эпос менен драманын ортосундагы сюжеттик айырмачылыктын эң негизгиси эпостун акырында Курманбек Дөлөн калмак тарабынан жарадар болуп каза болот да, аны Аккан досу жол боюна коет. К.Жантөшевдин драмасында болсо Аккан Курманбекти айыктырат, элди эзип жаткан сырткы душман Корун, ички душман Тейитбек өлөт" [3, 78-б] – деп айтканы К.Жантөшевдин элдик сюжетти кандай чеберчиликте реалисттик адабиятка айландыра алгандыгын көрсөткөн.

Экинчиден, "Курманбек" эпосунун башкы каарманы Курманбек элдик оозеки чыгармачылыктагы баатыр каарман, ошол эле мезгилде "калмак доору" аталган мезгилдеги тарыхый окуялардын негизинде келип чыккан "тарыхый инсандын" образы. Сюжетин кыргыз элинин калмак баскынчыларына каршы баатырдык кармаштары түзөт. К.Жантөшев драма жазууда эпостун сюжетинин түпкү негизин көп өзгөртпөстөн сактаган, ал эми Курманбектин образын, образдар системасын

түзүүдө жеке өзүнүн табылгасын киргизген. Курманбектин образын жаратууда белгилүү бир коомдогу адамдын конкреттүү образын жаратуу менен бирге өзүнүн тарыхый окуяларга карата болгон реалдуу мамилесинин жана фантазиясынын айкалышынан келип чыккан терең иштелген көркөм образга жеткирген.

Мына ушундай өзгөчөлүктөргө ээ болгон драма дагы төмөндөгүдөй жаңычылдыкты жаратууга жетишкен:

1) Драмадагы күчтүү мотивдердин бири – достук мамилесинин көрсөтүлүшү болгон. Мисалы, жогоруда белгилегендей Чагырдын досу Курманбек үчүн күнөөнү мойнуна алышы, ал үчүн бардык кыйынчылыктарды көтөрүүгө бел байлашы.

2) Драмада эпостун эч бир вариантында кезикпеген Гүлай, Гүлгаакы аттуу каармандардын образын иштеп чыгуусу;

3) Эпос менен драманын ортосундагы сюжеттик айырмачылыктын берилиши. Эпостун (К. Жантөшев кайрылган К. Акиевдин вариантында, биз ушул вариант менен К. Жантөшевдин драмасын салыштырып жатабыз. М. Мусулманкулов менен С. Дыйканбаевдин варианттарында Курманбекти Аккан айыктырып, аман калып, душмандарынан өч алат) акырында Курманбек Дөлөн калмак тарабынан жарадар болуп каза болот да, аны Аккан досу жол боюна коет. Курманбектин аркасынан Айганыш өзүн-өзү өлтүрөт, алты жашар Сейитбек жетим калат.

Ал эми К. Жантөшевдин драмасында болсо Аккан Курманбекти айыктырат да, элди эзип жаткан сырткы душман Корун, ички душман Тейитбек өлөт. Эпосто өлгөн каарманды драмада айыктырып, тирүү калтырат. Мына ушул эпос менен драманын ортосундагы чоң айырмачылык болгон.

Ал эми баш каармандын аман калышы жана ички, сырткы душмандарды жеңиши элди согуш мезгилинде биримдикке чакыруу менен патриоттуулукка үндөөгө багытталган.

Ошондой эле, жазуучу драмасында интернационалдык мамилесин да кошкон, мисалы, кыргыз, калмак жаштарынын кээ бирлеринин достугу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, Касымалы Жантөшевдин "Курманбек" драмасы элдик мотивди чыгармачылык менен өздөштүргөн профессионал адабияттын алдыңкы үлгүсү болгон. Автор бул чыгармасын оозеки поэзиянын казынасын жакшы билгендигинин, өзүндө болгон адабий шык жөндөмдүн жаңы эстетикалык табитинин негизинде кайрадан иштеп чыккан. Бул драма Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Ж. Турусбековдун "Жаңыл", Ж. Садыковдун "Манастын уулу – Семетей" деген драмаларындагыдай элдик мотивди мыкты өздөштүргөн, ошол эле мезгилде жазуучулук табылгасын кошо алган мыкты чыгармалардын катарында турат.

Мына ушундай касиет-сапаттары менен К. Жантөшевдин "Курманбек" драмасынын эстетикалык сабактары, элдик поэзиянын мотивдери, салттары эч качан наркын жоготпостугу жөнүндө, ал улам жаңы адабий шарттарда өзгөрүп, жаңы мазмунга ээ болуп турары жөнүндөгү чындыкты далилдейт.

**_Пайдаланылган адабияттар_**


1. *Жантөшев К.* Тандалган чыгармалар. 3-т. / К. Жантөшев. Фрунзе: Кыргызстан, 1972.
2. Курманбек. Сейитбек // "Эл адабияты" сериясы. 5-т. Бишкек: Шам, 1998.
3. *Иманалиев К.* Кыргыз совет адабияты. 2-бөлүк / К. Иманалиев. Фрунзе, 1990.